Кыргыз эли Тянь-Шанда жашаган ар кандай этникалык бирдей жана бирдей эмес уруулардан жана уруулук уюмдардан түзүлгөн. Өзүнүн жашоо тиричилигинин ушул жана социалдык-экономикалык шарттарына байланыштуу дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн дагы эффективдүү келген түрлөрү калыптанылган жана жакшыртылган, алар кийин белгилүү бир максаттардын жана маселелердин каражаттарын гана эмес, ошондой эле системаларын да аныкташкан. Белгилүү болгондой эле, биздин ата-бабаларыбыз көчмөн жашоо тиричилигин алып жүрүшкөн. Үзгүлтүксүз жана узак көчүүлөр чоң кыйынчылыктар менен айкалышкан. Алар чабуул коркунучу менен да коштолгон, ар кандай учурда коркунучту кайтарууга даяр болууну талап кылган. Ушул себеп менен дене тарбиялык көнүгүүлөр өзгөчө бир мүнөзгө ээ боло баштайт, анын ичинде “кыргыз күрөш” дагы. Мындан сырткары, согуштук-тажрыйбалык маанидеги “Эр сайыш”, “Найза ыргытуу” ж.б. сыяктуу айрым дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрүнүн

пайда болуу себеби болуп жогоруда айтылган жагдайлар эсептелинет (Абдырахманов Б.А., Иманалнев Т.Т. 2022. - 124 б.).

“Кыргыз күрөш” байыркылык менен терең байланышкан каада-салттар, үрп-адаттар, калк арасында, феодалдык доордо кеңири жайылган. Дене тарбия каражаты катары “кыргыз күрөшкө” чоң маани берилген. Мисалы, уруулар ортосундагы талаш-тартыштар кыргыз күрөш балбандарынын кармашуулары аркылуу чечилген. Ошондуктан кыргыздар кылымдан кылымга абдан күч-кубаттуу, шамдагай, чыңалган адамдарга чоң сый-урматтоо менен мамиле кылышкан. Мисалы, Каба уулу Кожомкул (1888- 1955) элдик баатыры тууралуу айтсак, элдик баатырдын элесине 1961 -жылдан бери, кыргыз күрөш боюнча эл аралык мелдештер өткөрүлөт. Октябрь революциясы адамзат коомунун өнүгүшүнө жаңы доор алып келген, бул жашоонун бардык тармактарында түп-тамырынан кайра өзгөртүп түзүлүүгө алып келген. Социалистик коомду курууда дене тарбия жана спорт тармагында кайра калыптануулар чоң мааниге ээ болгон (Абдырахманов Б.А., Иманалнев Т.Т. 2022. - 124 б.).

1.3. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн тарыхый өнүгүү этаптарын аныктоо

Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабы:

Бул этап эң узак жана прикладдык маанидеги этап болуп эсептелет. Мезгили: байыркы замандан улуу Октябрь революциясына чейинки доор.

Кыргыз күрөшү кыргыз элинин улут жана мамлекет катары өсүп-өнүгүшү менен тыгыз байланышта болуп, калыптанып өнүгүп келген. Муну биз кыргыз элинин тарыхый булактарынан жана ар кыл эпос-дастандарынан жакшы билебиз. Адам баласы жаралгандан баштап эле эмгекке, аңчылыкка, өздөрүн коргонууга, ар кандай ыкмаларды ойлоп таап, күрөшкө да маани берип башташкан. Үзгүлтүксүз узак көчүүлөрдөн дайыма ар кандай кол салууларга, мал- мүлкүн тарттырууга, өздөрүн коргош үчүн далай өлүмдөргө да дуушар болушкан. Ошондон улам дене- тарбиялык ар кандай көнүгүүлөргө спорттук ыкмаларды үйрөнө башташкан. Кыргыз күрөшү байыркы кыргыз элинин тарыхы менен терең байланышкан. Буга мисал катары байыркы археологиялык табылгалар, чоң жана кичи эпостор, таш боорундагы жана аскадагы чегилген сүрөттөр айгиленеп келет.

Кыргыз элинин арасында салтуу оюндардын ар кандай түрлөрү өнүгүп баштаган. Алардын ичинен дагы кыргыз күрөшүнүн өзгөчө көнүл бөлүнүп, өнүгүп, эл арасында кеңири жайылган күрөштү “Манас” эпосунан Абулкасым Фирдоусинин

“Шах-Наме” деген поэмасынан, санжыралардан, эл оозундагы “Манас “айтуучулардан, адабий чыгармалардан кездештире алабыз. Мисалга ала кетсек, чоң жана кичине эпостордон, Кошой менен Жолойдун кармашы, Ак балбан менен Дөө балбандын кармашы, Карагел, Айчеке, Эртиштээк, Абдырахман, Бөлтүрүк, Каба**,** Кожомкул, Тапанча балбандар жөнүндө билебиз. Бирок, бул айтылуу балбандарыбыздын баардыгы тубаса күчтүү балбандар болушкан.

“ Манас” эпосунда да ыкмаларга салып жыгуулары да кенен баяндалган. Белбоодон кармоо, алдынан чалуу, белге алуу, артка ыргытуу, жамбашка алуу ыкмалары да көрсөтүлгөн. Бул тууралу Көкөтөйдүн ашында , эпостун бөлүгүндө кенен айтылган.

Усулдук өнүгүү этабы.

Экинчи этап

Улуу октябрь Социалисттик Революциясынын өлкөдө орношу жана башка элдердин күрөш түрлөрү менен байланышынын башталышы . Мезгили: 1918-жылдан 1952-жылга чейинки кыргыз күрөшүнүн өнүгүү учуру.

1918-1919-ж.ж. баштап кыргыз эли Совет өкмөтүнүн дене тарбия жана спортту кыргыз жергесинде өнүктүрүүгө көргөн аракеттеринин натыйжасында башка элдердин күрөш түрлөрү, аларды окутуп-үйрөтүү жолдору менен тааныша баштаган. Бул учурда негизинен орус элинин спорттору менен жана башка өлкөлөрдүн спорттук түрлөрү греко-рим, эркин күрөштөрү менен машыга башташкан (Зациорский В. М 1966. -200 с.).

1927-жылы Казан шаарында болуп өткөн дене тарбия жана спорт боюнча чогулушунда спорттун улуттук түрлөрүнүн мындан аркы тагдыры талкууга алынып, төмөнкүдөй иш-чаралары белгиленген.

-Изилдеп көрүп, керектүү жана керексиздерди бөлүштүрүү;

-талдоонун негизинде аларды спортко ылайыктап регламентөө;

-тийиштүүлөрүн советтик дене тарбия системасынын каражаттарына кошуу.

Ошол эле чогулушта Кыргыз АССРинин улуттук спортунун түрлөрү боюнча мындай деген жыйынтыкка келген.

-“Ордону, селкинчекти, жашынбакты”, текшербей эле колдонууга болот.

-“ Кыз куумай, аркан тартыш, ак чөлмөктү, улак тартыш, оодарыш, күрөштү “, тажрыйба жүзүндө текшерүүгө алып, кийин гана колдонууга мүмкүндүк берген.

Алардын ичинен “ Эр сайышты, калмак алышмайды, жаа атууну” спорттун жараксыз түрлөрү деп эсептелсин деп кабыл алынган.

Республикада, бүт аймактарда , улуттук оюндарынын мелдештери, анын ичинен күрөш спорту алгачкылардан болуп өткөрүлгөн.

1934-жылы августта спорттун күрөш түрүнүн өнүгүүсү чоң жетишкендик болуп, ал биринчи кыргыз спартакиадасынын программасына кошулду.

Анда балбандарга күрөшкө кийүүчү эки кийим көргөзүлгөн. Түштүк аймакта чепкен, бутуна маасы сунушталган, себеби өзбектер көп жашагандыгы менен түшүндүргөн. Ал эми түндүк тарапта бөлөк кийим түрү сунушталган, жөнөкөй күрөшкө кийилген трико жана жумшак бут кийим. Эки түрдө тең белинде кур менен. Далысы же каптал менен атаандашып жерге жаткырса, ал эми өзү бутунда турса, ошол адам жеңүүчү аталган.

1948-жылы кабыл алынган ВКП(б) БКнын дене тарбия жана спорт маселелери боюнча токтомунун негизинде, Кыргызстандын спорт комитетинин №106 атайын буйругу жарыяланган. Бул буйрукта улуттук спорттун түрлөрүн мындан ары өнүктүрүү маселеси да баса көрсөтүлгөн. Аталган буйрукту аткаруу үчүн 1951-жылы спорт комитет тарабынан улуттук спорттун 8 түрү боюнча күрөш, оодарыш, ат чабыш, жорго салыш, ордо,тогуз коргоол боюнча мелдештер Республикалык деңгээлде биринчи ирээт өткөрүлгөн. Ошол эле жыл II чи жолу да Республикалык деңгээлде өткөрүлгөн (Галковский Н. И. 1952. С.447).

1953-жылы республика биринчилигинде бүт областтын балбандары катышкан. Биринчи орунду Талас командасы ээлеген.

Күрөштүн классикалык жана эркин күрөш түрү болуп өнүгүшүнө өзүнүн чоң салымын улуттук күрөш спорттун бир түрү катары кошту.

1955-жылы гана Республикада биринчи эркин күрөш боюнча группа түзүлгөн. Машыгуучулардын чоң бөлүгүн кыргыз жаштары түзгөн. Алардын көп бөлүгү күрөш менен машыгуучулар болгон.

Республикада эркин күрөштү кеңири таратууда кыргыз күрөш чоң түрткү болгон. С.Чириков, Ш.Мусаев, М.Джылкычиев, Э.Жуманалиев, А.Келдибеков, Э.Мойдунов мурунку балбандар аз убакыттын ичинде эркин күрөштү өздөштүрүп жана ага кыргыз күрөшүнө техникалык жаңы кыймылдарды кошушкан.

«Советская киргизия» гезитинде Улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүү макаласында жазылган, республиканын айыл жаштар арасында күрөш өтө белгилүү.

1960-жылы Кыргыз ССРдин республикалык спорт союзунун кеңешинин организациялары жана бирикмелери күрөш боюнча көп тираждагы окутуучу фильм

техникалык кыймыл, күрөштүн жүрүшүн жана мелдештин эрежелерине андан ары үйрөтүүгө чоң жардамын көргөзгөн.

1958-жылы Москвадагы ипподромдо өткөн декадада москвалыктардын чоң кызыгуусу кыргыз улуттук спорт түрүн көрсөткөндө башталды. Балбандардын беттешүүсүн чоң кызыгуу жана рахат алуу менен Москванын көрүүчүлөрү күбө болушту (Радаев С.В. – 2008. С. –24).

Спортко келгенде улуттук күрөш, классикалык күрөш, эркин күрөшкө катышкан балбандарыбыз жакшы ийгиликке жетишип келишкен. С. Чекиров, Э. Кутманалиев, А. Келдибеков, К. Бараканов, Н.Сулайманов, К.Макешев, Н. Жаманкуловдор классикалык жана эркин күрөштөн спорттун чебери деген наамга жетишкен.

Кыргыз күрөшүнүн түрлөрү 1961- жылдан баштап 1970-жылга чейин Республикалык биринчилиги өткөрүлгөн эмес. Болгону борбордук кеңеш өз алдынча спорттук коом (БК ӨАСК) “Колхозчу” биринчиликтери өткөрүлүп турган (Балдаев К.В. – М., 1989. –С. 234).

1970-жылы мамлекеттик дене тарбия институттун студенттери окуунун программасына күрөш спорт түрүн киргизген. ошентип күрөш спорт түрү боюнча мелдештер республикада көп өткөрүлө баштаган.

1970-жылдарда Д.Өмүрзаковдун китептери жарык көргөн, ошолордо кыргыз күрөшкө тиешелүү бир нече маалыматтары берилген (Ф.Е.Байман-1972 С. 13).

1972- жылы Ф.Е.Байман тарабынан кандидаттык диссертация жазылып жакталган.

1971-жылдан баштап Республикалык биринчиликтер кайрадан өнүгүү жолуна түшө баштаган.

1974-жылдан баштап спортун улуттук түрлөрү боюнча спартакиада өткөрүлө баштады. 1978-жылдары айрым салмак категориясы боюнча Кыргыз ССР кубогу уюштурулган.

1969-70-жылы окуу жылынан баштап кыргыз күрөшү Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунун окуу программасына киргизилген. Орто Азия жана Казакстан Республикаларына барып, мелдештерде ийгилик жаратып келишкен.

Солгундашуу этабы

Үчүнчү этап. Советтер Союзунун Улуттук Олимпиада комитетинин түзүлүшү жана анын Эл аралык олимпиада комитетине мүчө болуп кабыл алынышы менен өлкөдө, Европада жана дүйнөдө эң кеңири тараган грек-рим жана эркин күрөштү жайылтууга көргөн аракеттердин таасиринин негизинде, Кыргызстанда улуттук

күрөшкө болгон көз караштын өзгөрүшү жана камкорчулуктун төмөндөшү. Мезгили: 1952- жылдан баштап 1991-жылга чейинки учур. Ушул мезгилдерде кыргыз күрөшүнүн түрлөрү боюнча мелдештер өткөрүлбөй калды. Балбандардын дээрлик көпчүлүгү эркин күрөш, грек-рим күрөш түрлөрү менен машыгууга кызыгуулары артты. Буга мисал: СССР дин чемпиону С. Чекиров, Э. Кутманалиев, А. Келдибеков, К. Бараканов, Н.Сулайманов, К.Макешев, Н. Жаманкуловдор жана башкалардын таасири болду. Көпчүлүк балбандардын максаты эл аралык мелдештерге катышуу болду, спорттун эл аралык чеберчилигин алуу максатында балбандардын көпчүлүк түрү ооп кетти десек жаңылышпайбыз. Кыргыз күрөш түрлөрүнө ошол мезгилде жакшы көңүл бурулбай калды.

Кайра жаралуу этабы

Төртүнчү этап. Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет болуп таанылышы жана Бириккен Улуттар Уюмуна расмий мүчө болуп кабыл алынышы менен өлкөдө элдик оюндар жана улуттук спорттун түрлөрүнүн өнүгүшүнө басымдуу көңүл бурулуп, акча каражаттары каралып, мелдештер уюштурулуп кыргыз күрөшүнүн кайрадан жандануусу, өнүгүшү ылдам темпте жогорулай баштаган. Мезгили: 1991-жылдан азыркы убака чейин.

1993-жылы Кыргыз улуттук спорттун түрлөрү боюнча мелдештин эрежелери, бирдиктүү классификациясы жөнүндөгү жобосу, разряддары жана наамдарды ыйгаруу тартиби иштелип чыккан.

1993-жылы Кыргыз спорту тууралуу мыйзам иштелип чыккан. Аны Кыргыз Республикасынын федерациялары жактырып, К.Р. Дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик комитети бекиткен.

1994-жылы Кыргыз күрөшүнүн федерациясы түзүлгөн.

1995-2008-ж.ж чейин ар жыл сайын Республикалык, облустук, шаар аралык жана эл аралык деңгээлдерде кыргыз күрөшүнүн федерациясы өткөрүп келишкен. Атүгүл, кошуна өлкөлөрдүн арасында да балбандарыбыз күч сынашып, жеңишке жетип келишкен. Түрк тилдүү өлкөлөрдө, Казакстан, Тажикистан, Өзбекстан, Иран, Түркменстан, Башкирстан, Татарстан ж.б. өлкөлөрдүн ичинде Кыргыз күрөш, Алыш күрөш, Белбоо күрөштөрүнүн арасында мелдештер өтүп түрган. Атактуу балбаныбыз каймана аты Тапанча жеңишти колдон чыгарган эмес, 28 жолу өлкөнүн жана эл аралык мелдештерди жеңип келген. Кыргыз күрөшүн өнүктүрүү үчүн федерация эл аралык мелдештерди уюштурушуп, Балбандарды Башкиристан,

Татарстан, Черкесовага барып азыркы замандын атактуу балбаныбыз, Кожобеков Нурбек өңдүү балбандарыбыз жеңишти багындырышкан. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн арасындагы расмий түрдө уюштурулган 1-2-3-көчмөндөр оюндарында балбандарыбыз көптөгөн ийгиликтерге жетишкен. Азыркы убакта кыргыз күрөшүнө кыздар арасында дагы мелдештер өткөрүлөрү пландап жатышкандары айтылууда, өнүгүү жолу Эл аралык деңгээлге чыгып келе жатканы көпчүлүгүбүзгө маалым. Кыргыз күрөштөрүнүн, Алыш, Лейлек, Кулатуу күрөштөрүнүн өнүгүү этаптарын аныктоо. Орто Азиядан чыккан чыгаан окумуштуу, айтылуу дарыгер Абу Али Ибн Сина 1012- 1024-жылдары өзүнүн «Дарылоо илиминин канону» -деп аталган эмгегинде күрөш ден-соолукка өтө пайдалуу көнүгүү деп жазган. Аны азыркы эркин күрөш жана улуттук күрөш ыкмаларына окшоштуруп экиге бөлүп караган жана эрежелерин жазып чыккан (“Канон врачебной науки”. I-часть. стр. 331) (Арстанбеков С. А – 2017. – №. 1. – С. 115-121).

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

МАТЕРИАЛДАР ЖАНА МЕТОДДОР

2.1 Изилдөөнүн уюштурулушу

Изидөө ишибизде анкета методу менен жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн анкетабызда кыргыз күрөшүнүн түрлөрү жана өнүгүү этабында ылайык суроо ирээтинде элдин күрөш жаатындагы ойлорун биле алдык. Диссертациянын максатынын алкагында дене тарбия жана спорт тармагындагы адистер, жалпы билим тармагындагы мугалимдер арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоого жеңил тандоо ыкмасы аркылуу тандалып алынган 309 респондент катышты. Сурамжылоо формасы респонденттердин демографиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу суроолор менен катар, кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн тарыхый өнүгүү этаптарына байланыштуу көп варианттуу 20 суроодон турат. Сурамжылоо 2024 - жылдын март – апрель аралыгында онлайн түрдө жүргүзүлдү. Алынган маалыматтар Jamovi программасынын жардамы менен, сүрөттөөчү статистикалык ыкмалар (жыштык жана пайыздык таркалышы) аркылуу талдоого алынды.

1-торчо. Катышуучулардын жынысына, жашына, үй-бүлөлүк абалына жараша бөлүнүшү

	Группа	n	%
Жыныс	Эркек	147	47.6%
	Аял	162	52.4 %
Жаш	22-27 жаш	102	33.0 %
	28-33 жаш	34	11.0 %
	34-39 жаш	50	16.2 %
	40-45 жаш	75	24.3 %
	46 жаштан өйдө	48	15.5 %
Үй-бүлөлүк абалы	Бойдок	112	36.2 %
	Үй-бүлөлүү	197	63.8 %

2-торчо. Катышуучулардын билим деңгээли, кесиптик тажырыйбасы, иштеген жери боюнча бөлүштүрүү

	Группа	n	%
Билим деңгээли	Орто	56	18.1 %
	Колледж	35	11.3 %
	Бакалавр	50	15.2%
	Жогорку	142	46.0 %
	Магистрант/Аспирант	20	6.4 %
	Доктор/ ж.б	6	1.9 %
Кесиптик тажрыйбасы	1-9 жыл	105	34.1 %
	10-20 жыл	164	53.2 %
	21-39 жыл	25	8.1 %
	40-49 жыл	11	3.6 %
	50 жыл жана андан жогору	4	1.2 %
Иштеген мекеме	Жалпы билим берүү орто мектебинде	90	29.2 %
	Университет /Академияда	70	22.4%
	Мекемеде	13	4.2 %
	Бөлөк тармакта	136	44.2 %

2.2. Изилдөөнүн методдору

Документалдык материалдар жана адабияттык булактарды иликтөө методдору.

Изилдөөчү теманын негизинде илимий булактарды, макалаларды, методикалык көрсөтмөлөр, китептерди карап жана талдап чыктык.

Сурамжылоо методдору

- анкета жүргүзүү,
- аңгемелешүү жана интервью алуу

Статистикалык талдоо ыкмасы.

2.3. Документалдык материалдарды жана адабияттык булактарды иликтөө методу

К.Ч. Джанузаковдун маалыматы боюнча "Документтик материалдарды жана адабияттарды иликтөө, изилдөөнүн темасын тандоо жана аны иликтеп ачуунун эффективдүү жолдорун издөө, көп учурларда, илимий иштин эң алгачкы стадияларында колдонулат. Изилдөөчүлүк иште алгачкы жана негизги шарт - изилдөө темасы боюнча илимий адабияттарды терең өздөштүрүү, официалдуу документацияны түшүнүү жана иштеп чыгуу. Белгилеп кетсек, адабий маалыматтарды үйрөнүү спортто изилдөөлөрдү уюштурууда, эреже боюнча, окутуучу жана машыктыруучулардын иштөө тажрыйбасын тааныштыруу менен толукталат, анткени көптөгөн методикалык суроолор атайын адабияттарда жетиштүү түрдө берилген эмес". (К.Ч. Джанузаков, 2014).

2.4. Анкета методу

Анкета жүргүзүү - бул анкетанын стандартташтырылган суроолор системасына респонденттердин жазуу түрүндөгү жооптору аркылуу маалыматтарды алуу методу.

Туташ анкета жүргүзүүдө иликтенип жаткан адамдарды бардык жактан сурамжылоонун негизги жыйындысын караштырат.

Тандалма анкета жүргүзүүдө негизги жыйындынын бир бөлүгү гана сурамжылоого катыштырылат - тандалма сурамжылоо. Анкета алуунун дал мына ушул гана түрү кеңири таралган. Изилдөөчүнүн, респонденттер менен болгон пикирлешүү ыкмаларына карай жекече жана сырттан анкета жүргүзүү деп бөлүп көрсөтүшөт. Жекече анкета жүргүзүү изилдөөчүнүн респондент менен түздөн-түз байланышта болушун караштырат, мында биринчисинин көз алдында экинчиси анкетага жооп

берет. Анкета алуунун бул ыкмасы эки талашкыс артыкчылыкка ээ: биринчиден, анкетанын толук кайтарылышына жана экинчиден, алардын туура толтурулушуна көзөмөлдүк кылууга мүмкүндүк берет.

Жекече сурамжылоонун жол-жобосунун ар түрдүү мүнөзү топтук жана жекече анкета жүргүзүү деп бөлүштүрүүгө укук берет.

Топтук анкета жүргүзүү адамдардын тобунун бир учурда сурамжылоого катышуусун караштырат. Дал ушул гана анкета жүргүзүү аз убакыттын ичинде минималдуу чыгашалар менен олуттуу материалды жыйнап алууга мүмкүндүк берүүчү метод болуп саналат.

Жекече анкета жүргүзүүдө сурамжылоо кезек-кезеги менен жүргүзүлөт.

Сырттан анкета жүргүзүүдө изилдөөчүнүн өзү катышпаса да, респонденттер анкетанын суроолоруна жооп берүүсү менен мүнөздөлөт. Респонденттерге анкеталарды жеткирүү ыкмасы боюнча почта аркылуу жана таркатып берүүчү анкеталар аркылуу жүргүзүлүүчү анкеталык сурамжылоолор деп бөлүнөт. Сыртынан анча айырмаланбаган эффективдүүлүгүн эске албаганда, мындай анкета жүргүзүүлөрдө жыйынтык бирдей болбой калат.

Почта аркылуу анкета жүргүзүү, аты эле айтып тургандай, анкеталар респонденттерге почта аркылуу жеткирилет жана албетте кайрадан почта аркылуу жооптору алынат. Анын артыкчылыктары мындай анкеталарды таратуунун мейкиндигинин кеңдигинде; олуттуу тандалып алынган маалыматтарды алуу жана аймактык жактан алыс жайгашкан респонденттерден сурамжоолорду жүргүзө алуу мүмкүнчүлүгүндө.

Почта аркылуу анкета жүргүзүүнүн кемчилиги - бул кайра кайтып келген анкеталардын үлүшүнүн аздыгы, орточо эсеп менен 5 % га жакын; сурамжылоого катышкандардан белгиленген тандап алуулардын болбой калышы, анын аркасында бейтааныш адамдарга анкеталарды жөнөтүүдө респонденттердин канчалык деңгээлде талап кылынган контингентке дал келерин эч ким билбейт; анкеталарды өз колдору менен толтурулганына эч ким кепилдик бербейт.

Анкеталардын кайтып келишин төмөнкүдөй жол менен жогорулатууга болот: а) респондентке персоналдуу түрдө аты-жөнүн толук жазып кайрылуу менен; б) анкетанын жакшылап түзүлгөн киришүү бөлүгү жана коштомо каты менен, аны окуганда респондент өткөрүлүп жаткан экспериментте өзүнүн ролу канчалык экендигин сезиши керек (ушул максаттан алып караганда эмне үчүн тандалып

алынгандыгынын принциби белгилүү болот); в) ар бир жөнөтүлгөн анкета менен кошо кайра кайтарымдык дареги жазылып, маркасы чапталган конвертти кошо салып жиберүү керек; г) эгерде респондент кааласа, эксперименттин жыйынтыгын да салып жиберүүгө даяр экениңизди билиши керек.

Таркатып берилүүчү анкета жүргүзүүдө респонденттердин ар бирине анкеталар жеке өзүнө таркатылып, аны үйдөн толтуруп келүүгө уруксат берилет жана сөзсүз кандай жол менен болсо да кайтарылып алынат.

Анкета жүргүзүүнүн бул түрүнүн артыкчылыгы: изилдөөчүнүн респондент менен болгон жеке өзүнүн байланышы, изилдөөгө болгон кызыгууну арттырат; респондентти анкетаны кантип толтуруу керектиги жөнүндө кеңештерди берүүгө мүмкүн болот; белгиленген тандап алууларда респонденттин ага ылайык келерин толук аныктоого болот.

Таркатып берилүүчү анкета жүргүзүүнүн кемчилиги, анкетанын кайтып келишинин процентинин салыштырмалуу төмөндүгүндө (ошондой болсо да, почта аркылуу анкета алууга караганда бир топ эле жогору) жана респондент анкетаны үйгө алып кеткенде өзү толтургандыгына эч ким кепил боло албагандыгында.

Анкета жүргүзүүнүн эффективдүүлүгү көпчүлүк учурда анкетанын сабаттуу түзүлүшүнөн жана мазмунунан көз каранды (К.Ч. Джанузаков – 2014, - 167 б).

2.5. Аңгемелешүү- бул изилдөөчүнүн кызыктырган суроо боюнча эки жактуу же көп тараптуу талкуулоо жолу менен маалымат алуу методу. Аңгемелешүүдө респондент дагы, аңгемелешүүчү дагы активдуу тараптар болуп саналышат, ошол эле мезгилде изилдөөчү гана суроолорду берип турат. Чындыгында, интервью бир тараптуу аңгемелешүү болуп эсептелет.

Аңгемелешүү учурунда (анын артыкчылыгы ушунда) изилдөөчүнү кызыктырган нерселер жөнүндө тереңирээк элестөөлөрдү алууга болот, ошону менен катар эле күмөн санаган жоопторду, анан албетте, абдан ишенимдүү маалыматтарды да алууга болот. Аңгемелешүүнүн кемчилиги болуп аны өткөрүү үчүн зарыл болгон салыштырмалуу көбүрөөк убакыт эсептелет, бул жетиштүү материалды чогултуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кыскартат. Аңгемелешүү учурунда суроолор берилет жана кезек-кезеги менен талкууланып турат, бул суроолор 'планда каралып, бирок жазылганга караганда кененирээк ачылат (К.Ч. Джанузаков – 2014, - 167 б).

Интервью алуу - бул изилдөөчү тарабынан оозеки берилген суроолордун системасына респонденттердин оозеки жооп берүү жолу менен маалыматтарды

алуу методу. Максатына карай интервью төмөнкүдөй болуп бөлүштүрүлөт: пикирлер интервьюсу - ал адамдардын тигил же бул көрүнүштөргө болгон мамилесин аныктоо үчүн багытталат; документалдык интервью - фактыларды жана окуяларды тактоого багытталат. Өткөрүлүшү боюнча интервью стандарттуу эмес (бейформал), стандартташтырылган жана жарым-жартылай стандартташтырылган интервью болуп бөлүнөт.

Стандарттуу эмес (бейформал) интервьюда изилдөөчү тарабынан мурдатан даярдалган суроолорду, көп үлгүлөрүн пайдалануу күтүлөт жана маектешүүнүн жүрүшүндө алардын ырааттуулугу бузулушу толук ыктымал. Стандарттуу эмес (бейформал) интервьюнун артыкчылыгы кыйноосуз формада, респондентте чыңалууну пайда кылбастан алып барууга болот. Бирок, мындай интервьюнун жыйынтыктарын сандык жактан иштеп чыгуу абдан кыйын, анткени сурамжылоонун жүрүшүндө изилдөөнүн милдеттерине түздөн-түз тиешеси жок бир нече кошумча маалыматтар (эгерде аңгемелешүүчү маектешүү предметинен кызыгып кетип, таптакыр башка жакка кетип калса) пайда болот.

Стандартташтырылган интервью суроолордун жоопторунан, мазмунунан, формасынан жана алдын ала бекем бекитилген тартип боюнча сунушталат. Мындай интервьюнун жыйынтыгы каттоого, сандык жактан иштеп чыгууга жана салыштырууга оңой кирет. Бирок, аз респонденттин жоопторун терең түшүнүү үчүн зарыл болгон тактоолор менен камсыз кыла албайт. Бул интервьюнун түрүнүн кемчилдигин жарым-жартылай стандартташтыруу деп аталган интервьюну пайдалануу менен жеңип чыгууга болот. Ал өз ичине абдан так иштелип чыккан суроолордун тизмегинен турат, алардын эч бири өзгөрүлбөстөн берилет, ал эми изилдөөчү аларды маектешүү маалында ылайыгына карай өзү каалаган учурда берип турат. Интервью учурундагы суроолор анкетадагы суроолордой эле төмөнкүдөй болушу мүмкүн: - ачык суроолор, мында жооптордун мүнөзү жана саны, алардын түрлөрү жана формасы алдын ала караштырылбайт (стандартташтырылбаган интервьюда бир гана ачык суроолор пайдаланылат); - жабык суроолор, мында сунушталган көп үлгүлөрү боюнча жооптордун бир же бир нече жооптору каралат; - жарым-жартылай жабык, мында респондентке сунушталган жооптордун бир же бир нече варианттары берилет, ошол эле мезгилде өзүнүн да пикирин айтууга мүмкүндүк берилет; анкеталык сурамжылоо же интервью үчүн суроолорду түзүү бир нече эрежелердин жана сунуштардын

сакталышын талап кылат, анын ичинде социологдор төмөнкүлөрдү сунушташат: өтө ачык түз суроолорду бербөө керек, тескерисинче, изилдөөчүнү кызыктырган нерсеге бир нече кыйыр суроолорду берүү менен жетүүгө болот; өтмө маанилүү сөздөрдөн жана узун суроолордон качуу керек; (К.Ч. Джанузаков – 2014, - 167 б).

Алынган маалыматтар Jamovi программасынын жардамы менен, сүрөттөөчү статистикалык ыкмалар (жыштык жана пайыздык таркалышы) аркылуу талдоого алынды.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

3.1. Кыргыз күрөшүнүн буттун негизинде чабуул коюу техникалык ыкмасы

1-диаграмма. Эң көп колдонулган ыкмалар

Кыргыз күрөшүндө чалуу ыкмалары 21% колдонулары аныкталды. Ал эми алыш күрөшүндө 28% колдонулаары билинди. Лейлек күрөшүндө каршылашына бутту тийгизбей аттап туруп, бутту оң жана сол жакка коюп ыкма жасалаары 12% аныкталды. Ар кандай мелдештерде балбандарыбыз буттун негизинде чабуул коюп ыкма жасалары аныкталды. Изилдөөбүздө чоңдор арасында салмак категориялары боюнча 55, 60, 66, 74, 84, 96, килограммдан жогорку балбандардын аткарган техникалык ыкмалары боюнча иш жүргүзүлдү. Жалпы 45 спорттун чеберчиликтерине талапкерлер, 13 спорттун чеберлеринин аткарган ыкмаларына анализ берилип, андан сырткары сурамжылоо ыкмасы менен балбандардан айтуусу боюнча биле алдык.

3-торчо. Улуттук кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн тарыхый өнүгүүсү кайсы убактан башталган деп ойлойсуз?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
А) Алгачкы адам жаралган доордон	41	13.2 %	13.3 %
Б) Байыркы "Манас" эпосунан	192	62.1%	75.3 %
В) СССР мезгилинде	25	8.0 %	83.4 %
Г) Эгемендүүлүктү алгандан кийин	51	16.1 %	100.0 %



2-диаграмма. Улуттук кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн тарыхый өнүгүүсү кайсы убактан башталган деп ойлойсуз?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча улуттук кыргыз күрөшүнүн тарыхый өнүгүүсү боюнча 309 адам сурамжылоого катышты. Алардын ичинде 62,1% катышуучу байыркы “Манас” эпосунан деп жооп беришкен, ал эми 16.1% катышуучу эгемендүүлүктү алгандан кийин, 13.2% алгачкы адам жаралган доордон, ошондой эле 8% катышуучу СССР мезгилинен баштап өнүгүү жолуна түшкөн деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында кыргыз күрөшүнүн өнүгүүсү байыркы “Манас” эпосунан бери өнүгүп келе жаткандыгы байкалды.

4-торчо. Кыргыз күрөшүнүн алгачкы түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
А) Адам баласы жаралгандан баштап эле	82	26.5 %	25.8 %

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
Б) Октябрь революциясында жаралган	31	10.0 %	35.9 %
В) СССР убагында	66	21.3%	57.5 %
Г) Эгемендүүлүктү алгандан баштап, көчмөндөр оюндарынан баштап	130	42.0 %	100.0 %



3-диаграмма. Улуттук кыргыз күрөшүнүн алгачкы түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында, кыргыз күрөшүнүн алгачкы түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы боюнча 309 адам сурамжылоого катышты. Алардын ичинде 42 % катышуучу эгемендүүлүктү алгандан баштап, көчмөндөр оюндарынан башталган деп белгилешиптир. Ал эми, адам баласы жаралгандан баштап эле 26 .5% катышуучу, СССР убагында 21.3 % , ошондой эле 31, 10 % катышуучу Октябрь революциясында жаралган деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында Улуттук кыргыз күрөшүнүн алгачкы түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы экендиги байкалды.

5-торчо. Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
А) Байыркы коомдо эле жаралган	97	31.3%	31.5 %
Б) Октябрь революциясында жаралган	14	4.5 %	35.1 %

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
В) СССР убагында	29	9.3 %	44.6 %
Г) Эгемендүүлүктү алгандан баштап, Б.Г. Эркинбаев негиздөөчүсү.	169	54.6 %	100.0 %



4-диаграмма. Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында, Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы боюнча 309 адам сурамжылоого катышты. Алардын ичинде 54.6 % катышуучу эгемендүүлүктү алгандан баштап, ал эми 31.3% байыркы коомдо эле жаралгандыгы байкалды. Калган катышуучу 9,3 % СССР убагында ошондой эле 4.5 % катышуучу Октябрь революциясында жаралган деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында эгемендүүлүктү алгандан баштап, Б.Г. Эркинбаев негиздөөчүсү экендиги байкалды.

6-торчо. Лейлек күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу качан башталган?

	Саны	**%**	**жыйынтыгы %**
А) Байыркы замандан эле	122	40.4 %	40.4 %

	Саны	%	жыйынтыгы %
Б) Көчмөндөр оюндары башталгандан баштап эле	114	37.7 %	78.1 %
В) Октябрь революциясында	20	6.6 %	84.8 %
Г) СССР мезгилинде	46	15.2 %	100.0 %



5-диаграмма. Лейлек күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу качан башталган?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында, Лейлек күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу качан башталгандыгы боюнча 309 адам сурамжылоого катышты. Алардын ичинде 41.7 % катышуучу байыркы замандан эле деп, ал эми көчмөндөр оюндары башталгандан баштап 36.8 % га, СССР мезгилинде 14.8 %, ошондой эле Октябрь революциясында деп 6.4% катышуучу белгилеген. Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган пайыздык көрсөткүчтөр боюнча байыркы замандан эле өнүгүп келгени байкалды.

7-торчо. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган?

Жалпы -309 адам	Саны	%	% жыйынтыгы
А) Алгачкы коомдо	40	12.9 %	13.2 %
Б) Манас доорунда	88	28.4 %	42.2 %

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**% жыйынтыгы**
В) СССРдин убагында	49	15.8 %	58.4 %
Г) Эгемендүүлүктү алгандан баштап	132	42.7 %	100.0 %



6-диаграмма. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында, кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган боюнча 309 адам сурамжылоого катышты. Алардын ичинде 42.7 % эгемендүүлүктү алгандан баштап, алгачкы коомдо эле өнүгүү жолунда деп 12.9.4 % катышуучу, 15,8 % СССР убагында, ошондой эле, 28.4 % Манас доорунан баштап өнүгүүдө деп белгилешкен. Алынган жыйынтыктар боюнча пайыздык көрсөткүчтөргө таянсак эгемендүүлүктү алгандан кийин өнүгүү жолуна түшкөн деп эсептесек болот.

2-этап. Усулдук өнүгүү этабы

8-торчо Кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүү этабын кандай ойлойсуз?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) Изилдеп көрүп керексиздерди бөлүштүрүү	40	12.9 %	13.1 %
Б) Талдоонун негизинде аларды спортко ылайыктап регламенттөө	42	13.5 %	26.8 %

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
В) Тийиштүүлөрүн дене тарбия системасынын каражатарына кошуу	63	20.3 %	47 .4 %
Г) Усулдук даярдыктардын жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу	164	53.0 %	100.0 %



7-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүү этабын кандай ойлойсуз?

Ал эми кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүүсү боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча катышуучулардын 53% усулдук даярдыктардын жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу жолу менен, ал эми 20,3% тийиштүүлөрүн дене тарбия системасынын каражатарына кошуу, 13,5 % талдоонун негизинде аларды спортко ылайыктап регламенттөө, ошондой эле изилдеп көрүп керексиздерди бөлүштүрүү деп 12.9% катышуучу белгилешкен. Алынган изилдөөнүн жыйынтыгына карасак усулдук даярдыктардын жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу экени байкалды.

9-торчо. Кыргыз күрөш түрлөрүн кантип өнүктүрсөк болот сиздин оюнуз?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) Баарын бириктирип бир эле күрөш кылып эл аралык деңгээлге чыгарыш керек	58	18.7 %	18.2 %

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
Б) Болочок муундарга мектеп программаларына кийирип, адистерди чыгарыш керек	71	22.9 %	41.4 %
В) Мамлекет тарабынан акча маселелери көп бөлүнүп, мелдештерди уюштуруш керек	74	23.9 %	65.5 %
Г) Эл аралык күрөш федерацияларына сунуштоо жүргүзүп, кызыгууларын арттырыш керек	106	34.3 %	100.0 %



8-диаграмма. Кыргыз күрөш түрлөрүн кантип өнүктүрсөк болот сиздин оюнуз?

Кыргыз күрөшүн мындан ары кантип өнүктүрүү керек деген сурамжылоонун жыйынтыгында катышуучулардын 34.3 % эл аралык күрөш федерацияларына сунуштоо жүргүзүп кызыгууларын арттырыш керек экенин айтышкан. Ал эми, 23.9 % катышуучу мамлекет тарабынан акча маселелери көп бөлүнүп мелдештерди уюштуруш керек экенин, 22.9 % болочок муундарга мектеп программаларына кийирүү менен адистерди чыгарыш керек, ошондой эле 18,7 % баарын бириктирип бир эле күрөш кылып эл аралык деңгээлге чыгарыш керек деп белгилешкен.

10-торчо. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрү, коомдогу орду жана тарбиялык мааниси жөнүндө сиздин ой пикириңиз?

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
А) Башка элдердин күрөштөрүндөй эле	55	17.7 %	17.9 %
Б) Кошуна өлкөлөрдө тарбиялык мааниси чоң	18	5.8 %	23.7 %
В) Кыргыз элинде тарбиялык мааниси чоң	221	71.5 %	95.1 %
Г) Тарбиялык маанисин деле көрө элекмин	15	4.8 %	100.0 %



9-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрү, коомдогу орду жана тарбиялык мааниси жөнүндө сиздин ой пикириңиз?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 71.5 % кыргыз элинде тарбиялык мааниси чоң экенин, ал эми 17,7 % катышуучу башка элдердин күрөштөрүндөй эле, 5.8 % кошуна өлкөлөрдө тарбиялык мааниси чоң, ошондой эле 4.8 % тарбиялык маанисин деле көрө элекмин деп белгилешкен.

11-торчо. Кыргыз күрөшүнүн окуу-машыгуу жайлары кайсы окуу жайларда ачылган?

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
А) КМДТжСА Турусбекова академиясында	152	49.1 %	48.0 %
Б) КМУ Арабаева атында	24	7.7 %	56.0 %

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
В) КНА Аграрный университетинде	31	10.0 %	66.2 %
Г) КТУ Манас университетинде	102	33.0 %	100.0 %



10-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн окуу-машыгуу жайлары кайсы окуу жайларда ачылган?

Кыргыз күрөшүнүн окуу-машыгуу жайлары кайсы окуу жайларда ачылган деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде 49;1 % КМДТжСА Турусбекова академиясында белгилешиптир. Ал эми, 33,0 % КТУ Манас университетинде деп белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу КНА Аграрный университетинде 10.0 % ,ошондой эле 7.7 % КМУ Арабаева атында деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында кыргыз элинде тарбиялык мааниси чоң экендиги байкалды.

12-торчо. Кыргыз күрөштөрүнүн айтылыштары ар башкача айтылып калганынын себеби эмнеде?

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
А) Аймак аймака бөлүнгөнүнө жараша	121	39.1 %	38.2 %
Б) Географиялык жайгашуусуна жараша	69	22.3 %	60.9 %
В) Илгертеден бери эле	84	27.1 %	88.5 %
Г) Уруу урууга бөлүнгөндөрүнө жараша	35	11.3 %	100.0 %

11-диаграмма. Кыргыз күрөштөрүнүн айтылыштары ар башкача айтылып калганынын себеби эмнеде?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам деген сурамжылообузга Кыргыз күрөштөрүнүн айтылыштары ар башкача айтылып калганынын себеби эмнеде ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде 39,1 % аймак аймака бөлүнгөнүнө жараша белгилешиптир. Ал эми, 27,1 % илгертеден бери эле деп белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу географиялык жайгашуусуна жараша 22,3%, ошондой эле 11,3 % уруу -урууга бөлүнгөндөрүнө жараша деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында аймак -аймака бөлүнгөнүнө жараша экендиги байкалды.

3- Этап. Солгундашуу этабы.

13-торчо. Кыргыз күрөшү кайсыл мезгилде солгундашуу этабына түштү?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) 1940-1946- жылдары Ата-мекендик согуш учурунда	63	20.3 %	20.9 %
Б) 1949-жылдан 1952- жылга чейинки учур	45	14.5 %	35.9 %
В) 1991-1994- Эгемендүүлүктү алган жылдары	59	19.0 %	55.5 %

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
Г) Мезгили 1952-жылдан баштап 1991-жылга чейинки учур	142	45.9 %	100.0 %



12-диаграмма. Кыргыз күрөшү кайсыл мезгилде солгундашуу этабына түштү?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам деген сурамжылообузга Кыргыз күрөшү кайсыл мезгилде солгундашуу этабына түшүп калганынын себеби эмнеде ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде 45.9 % мезгили 1952-жылдан баштап ,1991-жылга чейинки учур деп белгилешиптир. Ал эми, 20,3 % 1940-1946 -жылдары Ата-мекендик согуш учурунда белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу 1991-1994 -эгемендүүлүктү алган жылдары 19.0 %, ошондой эле 14.5 % Б) 1949-жылдан 1952- жылга чейинки учур деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында мезгили 1952-жылдан баштап 1991-жылга чейинки учур экендиги байкалды.

14-торчо. Кыргыз күрөшүнүн кайсыл түрү дүйнөлүк күрөш федерациясына кошулат деп ойлосуз?

Жалпы -309 адам	Саны	%	% жыйынтыгы
А) Алыш күрөшү	114	36.8 %	35.9 %

Жалпы -309 адам	Саны	%	% жыйынтыгы
Б) Белбоо күрөшү	43	13.9 %	50.0 %
В) Кыргыз күрөшү	131	42.3 %	93.1 %
Г) Лейлек күрөшү	21	6.7 %	100.0 %



13-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн кайсыл түрү дүйнөлүк күрөш федерациясына кошулат деп ойлосуз?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам деген сурамжылообузга кыргыз күрөшүнүн кайсыл түрү дүйнөлүк күрөш федерациясына кошулат деп ойлойсуз деген суроого ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде 36.8% алыш күрөшү деп белгилешиптир. Ал эми кыргыз күрөшү 42,3 % деп белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу Лейлек күрөшү 6,7%, ошондой эле 13,9 % белбоо күрөшү деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгын да кыргыз күрөшү экендиги байкалды.

4-этап. Кайра жаралуу этабы.

15-торчо Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуу этабы кайсы учурдан башталган?

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
А) Көчмөндөр оюндарынан баштап	72	23.3 %	23.8 %
Б) Октябрь революциясынан баштап	26	8.4 %	32.3 %

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
В) СССР учурунан баштап	36	11.6 %	44.2 %
Г) Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап	175	56.3 %	100.0 %



14-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуу этабы кайсы учурдан башталган?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам катышып Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуу этабы кайсы учурдан башталган деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап 56.3%, ал эми көчмөндөр оюндарынан баштап 23,3% белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу Октябрь революциясынан баштап 8,4 %, ошондой эле СССР учурунан баштап 11.6 % деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгын да эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап экендиги байкалды.

16-торчо. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган?

Жалпы -309 адам	Саны	%	%жыйынтыгы
А)Алгачкы коомдо	40	12.9%	13.2 %
Б) Манас доорунда	88	28.4%	42.2 %
В) СССРдин убагында	49	15.8 %	58.4 %
Г) Эгемендүүлүктү алгандан баштап	132	42.7 %	100.0 %



15-диаграмма. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам катышып Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде эгемендүүлүктү алгандан баштап 42,7% ,ал эми Манас доорунда 28.4% белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу СССРдин убагында 15.8%, ошондой эле 12.9 % алгачкы коомдо деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында эгемендүүлүктү алгандан баштап экендиги байкалды.

17-торчо. Улуттук кыргыз күрөшү кайсы өрөөндө өзгөчө өнүккөн?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) Нарын облусу	33	10.6 %	10.8 %
Б) Ош облусу	57	18.4 %	29.4 %
В) Талас облусу	142	45.9 %	74.8 %
Г) Чүй облусу	77	24.9 %	100.0 %



16-диаграмма. Улуттук кыргыз күрөшү кайсы өрөөндө өзгөчө өнүккөн?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам Улуттук кыргыз күрөшү кайсы өрөөндө өзгөчө өнүккөн деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде Нарын облусу 10.6%, ал эми Ош облусу 18,4% белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу Талас облусу 45.9% ошондой эле Чүй облусу 24.9% деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгын да Талас облусу экендиги байкалды.

18-торчо. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн ыкмаларын колдонуштары жана айырмачылыктарын кандай билесиз?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) Колдонулган ыкмалары бирдей эле, формалары жана эрежелеринен эле	60	19.4 %	19.6 %
Б) Ыкмалары ар башкача	89	28.8 %	48.7 %
В) Ыкмалары окшош эле	22	7.1 %	55.9 %
Г) Эрежелерине жараша	138	44.6 %	100.0 %



17-диаграмма. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн ыкмаларын колдонуштары жана айырмачылыктарын кандай билесиз?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгында боюнча 309 адам Кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн ыкмаларын колдонуштары жана айырмачылыктарын кандай билесиз деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде колдонулган ыкмалары бирдей эле, формалары жана эрежелеринен эле 19.4%, ал эми ыкмалары ар башкача 28,8% белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу ыкмалары окшош эле 7.1 %, ошондой эле эрежелерине жараша 44.6% деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгында эрежелерине жараша экендиги байкалды.

19-торчо. Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктарын кантип айырмалай аласыз?

Жалпы -309 адам	**Саны**	**%**	**%жыйынтыгы**
А) Аталышында	140	45.3 %	45.5 %
Б) Формаларында	21	6.7 %	52.3 %
В) Ыкмаларында	49	15.8 %	68.2 %
Г) Эрежелеринде	99	32.0%	100.0 %



18-диаграмма. Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктарын кантип айырмалай аласыз?

Алынган изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 309 адам Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктарын кантип айырмалай аласыз деген сурамжылообузга ойлорун айтып катышып беришти. Алардын ичинде аталышында 45.3%, ал эми формаларында 6.7% белгилешкендиги байкалды. Калган катышуучу ыкмаларында 15.8% ошондой эле эрежелеринде 24.9% деп белгилешкен. Изилдөө жыйынтыгын да эрежелеринде экендиги байкалды.

1-этап. Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабында

Кыргыз күрөшүнүн өнүгүү этаптары төрт этапка бөлүп изилденди. Биринчи этабында, алгачкы өнүгүү тажрыйбалык этабына байыркы адам жаралгандан баштап 41 респондент 13.2%. Байыркы “Манас” эпосунан 192 респондент 62.1% деп белгилешти ,өнүгүү жолу Октябрь революциясына 31 респондент 10.0%, СССР убагында 66 респондент 21.3%, баштап эгемендүүлүктү алган жылдарга чейин 130 респондент 41.0% белгилешти. Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап эл аралык өнүгүү жолдоруна түшкөндүгүн белгилеп кетишти. Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана тажрыйбалык этабы А) Байыркы заманда 97 респондент 31.3% Г) Эгемендүүлүктү алгандан кийин Б.Г.Эркинбаев негиздөөчүсүнө 169 респондент 54.6% белгилешкен.Ал эми, лейлек күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу качан башталган деген сурамжылообузда.А) Байыркы заманда эле 129 респондент 41.7% ды. Б) Көчмөндөр оюндарынан баштап 114 респондент 36.8% ды белгилешти. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган.Б) Манас доорунда 88 респондент 28.4% ын түзүп. Г)

Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап 132 респондент 42.7% ын деп белгилешиптир.

2-этап. Усулдук өнүгүү этабында

Кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүү этабын кандай ойлосуз деген сурамжылообузда. В) Тийиштүүлөрүн дене тарбия системасына каражаттарына кошуу 63 респондент 20.3% ын түздү. Г) Усулдук даярдыктарын жана кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу 164 респондент 53.0% ын белгилешти. Кыргыз күрөш түрлөрүн кантип өнүктүрсөк болот , сиздин оюунуз деген сурамжылообузда. В) Мамлекет тарабынан каражат маселелери көтөрүлүп, мелдештер көбүрөөк уютурулушу керек 74 респондент 23.9% ын белгилешиптир. Г) Эл аралык күрөш федерацияларына сунуштоо жүргүзүп кызыгууларын арттыруу керек. 106 респондент 34.3% ын байкай алдык.

3-этап. Солгундашуу этабы

Кыргыз күрөш кайсыл мезгилде солгундашуу этабына түштү. Деген сурамжылообузда А) 1940-1946- жылдары Ата-мекендик согуш учурунда 63 респондент 20.3% . Ал эми, мезгили 1952- жылдан баштап 1991-жылга чейинки учур 142 респондент 45.9% ын белгилешиптир.

4-тап Кайра жаралуу этабы

Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуу этабы кайсы учурдан башталган деген сурамжылообузда. А) Көчмөндөр оюндарынан баштап 72 респондент 23.3% ын Г) Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап 175 респондент 56.3% ын белгилегенин биле алдык.

Кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктары

Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн айырмачылыктарын кантип айырмалай аласыз деген сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө. А) Аталыштарында 140 респондент 45.3% ын Г) Эрежелеринде 99 респондент 32.0% белгилешиптир. Изилдөөбүздүн жыйынтыгында толук кандуу жооп ала алдык, кыргыз элинин кыргыз күрөш түрлөрүнө жайылтуу иш аракеттерин жүргүзүшүнө, илимий эмгектердин жүргүзүлүшүнө, материалдык-техникалык базалардын түптөлүшү менен бирге эл аралык федерациялардын өкүлчүлүктөрүнүн биргелешүүсү менен эрежелерин эл аралык стандартка келтирип иштеп чыгуу талаптары тургандыгы билинди.

3.2. Интервью методунун табылгалары

Жүргүзүлгөн илимий ишибиз интервью методу менен жүргүзүлдү. Илимдин доктор кандитат агайлардан 6 сы катышышты. Улуттук кыргыз күрөшүнөн, алыш күрөшүнөн, эл аралык спорттун чеберлери 2 сү катышышты. Берилген суроолорубузга толук кандуу жоопторду ала алдык. Кээ бир күрөштүн түрлөрү толук кандуу адабий - илимий иш жүргүзүлбөгөндүктөн иш-булактарды табыш кыйынчылыкты туудурду. Өнүгүү жолуна кайрылсак ,күрөштүн лейлек түрүнүн өнүгүүсү басаңдагандай элес калтырат. Өлкөбүздүн түштүк тарабында , Баткен облусунда өнүккөн деп агайларыбыздын дээрлик баардыгы айтып өтүштү.

3.3. Кыргыз күрөшүнүн алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабы

Кыргыз эли жашоо шартына калыптангандан баштап эле кыргыз күрөшү жаралган деп айта кетсек болот. Буга далил катары окумуштуулардын илимий булактардан, тарыхтардан, кичи жана чоң эпостордо чагылдырылып айтылгандыгы кыргыз элине маалым. Тажрыйбалык этабы кыргыз эли көчмөн турмушунда жашагандыктан, жылдан жылга оор турмушту ,кол салууларды башынан өткөзүп, ошолорго туруштук берүүлөрүнүн жолдорун изилдешип, жоокерлерди дене-тарбиялык көнүгүүлөр менен машыктырышып келишкен. Согуш убагында да кыргыз күрөшүнүн ыкмаларын пайдаланып, жеңишке жетишкен учурлары көп катталган. Ошол себептен чабуул коё турган ыкмаларды, жеңишке бат жете турган ыкмаларды жана коргонуу ыкмаларын дагы тажрыйбалуу устаттардын жардамынын астында үйрөнүп турушкан.

3.4. Лейлек күрөшүнүн алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабы

Лейлек күрөшү бул илгертеден эле өзбек элинин шырма чапаны менен сыртынан кур байлап эки колду курдан чыгарбай күрөшүшкөн. Муну классикалык түрү деп айтсак болот. Буттан чалмай жок, жамбаш, кайтарма, тизе, (өзүнөн ашыра ыргытмай), ыкмаларын жасап күрөшүп келишкен. Бирок, Орто Азияда “ ферген күрөш” деп атап келишкен. Мелдештерди уюштуруп “ Сава” деп атап акча чогултуп, жакшы ыкма жасап уткан балбандарга беришкен. Бишкек шаарында Навай паркында Баяман Эркинбаев “Палван сарай”деп атап куруп берген. Азизбаев Сейитбек балбан азыркы Дружба паркында лейлек күрөшүн студенттер арасында уюштуруп,өткөрүп келишкен. Лейлек күрөшүнүн өнүгүү жолуна түшүшүнө чоң салымын кошкон Азизбаев Сейитбек балбан деп атайт элем деп, Нурдин агай алынган интервьюсунда айтып өттү.

Усулдук өнүгүү этабы.

Усулдук өнүгүү этабы ССР убагында спорт комитеттер ачылып, атайын комиссия түзүлүп, кыргыз күрөшүн жактырышып, ыкмаларын, салмак түрлөрүн иштеп чыгышып, 3 салмак негизинде мелдештерди уюштурушуп башташкан. КГФКИС иниституту ачылгандан баштап окуу-машыгуу процесстери толук кандуу ачылып өнүгүү жолуна түштү. Азыркы учурда кыргыз күрөшүнүн секциялары мектеп мекемелеринен баштап жогорку окуу жайларынын программаларына киргизилген. Өнүгүү жолу акырындап өз жолуна түшүп келе жатат жана акыркы убакта көчмөндөр оюндарында эл аралык деңгээлге чыга баштаганы көпчүлүккө белгилүү.

Солгундашуу этабы.

1960- жылдардан 1990- жылдар аралык убагында кыргыз элинде эл аралык күрөштөргө басым жасалып, улуттук кыргыз күрөшү той- аштарда эле өткөрүлүп келген. Эл аралык (эркин күрөш, греко рим) күрөштөрүнө көп көнүл бөлүнүп, эл аралык деңгээлге чейин чыгып, кыргыз балбандары өз күчтөрүн сынап келишкен.

Кайра жаралуу этабы.

Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап, 1991-1993 жылдардан баштап өнүгүү жолуна түштү. Жыл сайын район, облустук, Республикалык биринчилигине чейин өткөрүлө баштады. Азыркы убакта салмак категориялары бекитилип ,федерациясы ачылып, көчмөндөр оюндарында кыргыз күрөшүнүн ыкмаларынын жасалыштарынын кооздугуна баа беришип, эл аралык мелдештерде өзүнүн ордун таап келе жатат десек жаңылышпайбыз.

Кыргыз элинде күрөштүн үч түрү бар: Улуттук кыргыз күрөш, Лейлек күрөш, Алыш күрөш. Булардын айырмасы Улуттук кыргыз күрөш берки эки күрөшкө караганда эркинирээк күрөш, бир колду курдан чыгарып алып ыкма жасала берет. Эки колду алмаштырып, бирин кармаганда экинчисин чыгара берип ыкма жасаса боло берет. Баардык күрөштөрдүн ыкмалары бирдей. Лейлек күрөшү классикалык күрөш, белдин үстү жагы менен ыкма аткарылат. Буттан чалмай жок ,эки колду чыгарбай кармап күрөшөт. Алыш күрөш болсо ыкмалардын баардыгы эле аткарылат, болгону эки колду ороп кармап ыкма жасалганда балл берилет жана бутунан үзбөй жасаса ,далысы килемге тийсе эле балл берилет. Таза жеңиш таамай бутун килемден үзүп, ыкма жасалып, далысы тийсе ошондо гана жеңиш берилет жана эки колду ороп кармап, колду чыгарбай күрөшөт.

3.5. Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана өзгөчөлүктөрү

Алыш күрөшүн негиздөөчүсү Баяман Эркинбаевдин демөөрчүлүгүнүн негизинде кыска убакта эл аралык өнүгүү жолуна түштү. Алыш күрөшү башка кыргыз күрөштөрдөн айырмаланып кыз- келиндердин дагы салмак категориялары иштелип чыгып, азыркы убакта Алыш күрөшү Республиканын ичинде гана эмес эл аралык мелдештерде дагы балбандарыбыз күч сынашып келишет.

Кыргыз күрөшү- байыркы күрөш, ата бабадан калган мурас. Кыргыз күрөшү кыргыз элинин канына сиңген, кыргыз элинин байлыгы деп айтып кетсек болот. Байыркы “Манас”, “Семетей”, “ Сейтек” эпосторунда кыргыз күрөшү тууралуу жакшы баян берилет, бирок ыкмаларына мисал келтире кетсек азыркы күрөштөн айырмасы бар М;(Багалектен алышып бурай кармап чабышып) деген ыкма азыркы убакта кыргыз күрөшүндө багалектен кармамай тыюу салынган ыкма.

Усулдук өнүгүү этабы.

Кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүүсү эгемендүүлүктү алгандан баштап акырындык менен өз жолуна түшө баштады. Акыркы 20 жыл ичинде окуу-машыгуу процесстери аймак аймактарда – ачылып, ыкмалары иштетилип чыгарылып, федерациясы ачылды. Жогорку окуу жайлардын көпчүгүндө кыргыз күрөштөрүнөн секциялар ачылып, мелдештер кызуу өтүп жаткан убак.

Кайра жаралуу этабы.

Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуусу бул- мамлекетибиз улуттук спортко көңүл бурула баштагандан баштап федерациясы ачылып, кээ бир облустарда кыргыз күрөшүнө жакшы көңүл бөлүнүп, мелдештер өткөрүлө баштаган. Мисалга ала кетсек Талас облусунда кыргыз күрөшүн билбеген адам жокко эссе. Дээрлик көпчүлүгү бала кезинен кыргыз күрөшүн той аштарда, маарекелерде күрөшүп жүргөн балбандардан, күрөш адистерден үйрөнүп келишкен. Айрыкча акыркы 10 жылдыкта кыргыз күрөшү көчмөндөр оюндарына кошулуп, эл аралык деңгээлге чыгып жатканы кыргыз элин сүйүндүрөт.

ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА ТАЛКУУЛОО

Жүргүзгөн илимий иш. Алгач кыргыз күрөшүнүн түрлөрү жана өнүгүү этаптарын төрт этапка бөлүп илимий иш жүргүздүк. Алар 1- Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этап, 2 - Усулдук өнүгүү этабы, 3-Солгундашуу этабы, 4- Кайра жаралуу этаптары аркалуу илимий ишибизди жүргүздүк. Сурамжылоо, Интервью методдору аркылуу кыргыз күрөшүндөгү 6 илимий даражадагы агайлар аркылуу, 2 спорттун эл аралык даражадагы чеберлери аркылуу берилген суроолорума маалымат ала алдык. Берилген суроолорубузда алгачкы кыргыз күрөшүнүн жаралышы, тарыхы, спорт болуп калыптангандан баштапкы этабы, атактуу балбандарды, эл оозунан муундан -муунга өтүп келе жаткандыгын айтып өтүштү. Кайсы учурда өнүгүү жолуна түшкөн учурларды ала алдык, Усулдук өнүгүүсүнө окуу-машыгуу убактары кайсы учурда башталгандыктары. 3- Солгундашуу этабы 1952-жылдан 1991-жылга чейин өнүгүү жолу бир аз басаңдап калган. Себеби эл аралык эркин күрөш менен грек-рим күрөштөрүнө көпчүлүк балбандарыбыздын да күрөшүп кеткендери себеп болду. Анткени, бул күрөштөр эл аралык деңгээлде болгондуктан, балбандардын алган наамдары да бийик, кызыктыруу байгелери да көбүрөөк болгон деп Саралаев Марат агайыбыз айтып өттү. Кайра жаралуу этабына кайрылсак, дээрлик көпчүлүк агайларыбыз ,эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап акырындап өнүгүү жолуна түштү деп К. Жаманкулов агайыбыз айтып өттү. Өзгөчө өнүгүү жолуна түшкөн убак 2012-жылы 19 өлкө арасында 1- көчмөндөр оюнунан баштап, эл аралык деңгээлге чыкканын агайлардын көпчүлүк бөлүгү кубаныч менен айтып отурушту. Талкуулар кызыктуу болгондуктан агайлардын көпчүлүгү кыргыз күрөштүн ыкмаларын кооз аткарылышын, атактуу балбандарды бир да жолу утулуп көрбөгөндүгүн айтып, кайталап аттарын айтып отурушту. Алар Кожомкул балбан, Акбалбан, Карагер балбан, Тапанча палбан, Абдрахман балбандарыбыз эл оозунан түшпөй келет деп Б. Абдырахманов агайыбыз айтып өттү. Эл аралык чеберлер Н. Кожобеков менен А. Мусабеков балбандарыбыз Алыш күрөшү тууралуу интервьюбузда кыска убакта бат өнүгүү жолуна түшкөндүгүн айтып өтүштү. Алыш күрөшү 2001-жылдардан баштап Эл аралык деңгээлге чыгып кыз- келиндер арасында дагы салмак категорияларын айтып түшүндүрүп жатышты. Көпчүлүк Түрк тилдүү өлкөлөр арасында сүймөнчүлүгү болуп, кызыгуулары артып, баш аягы 28 ашык өлкөлөрдүн катышуусуна чейин чыкканын баса белгилеп айтышты. Алыш күрөшүнүн келечеги жакшы, жылдан

жылга өнүгүү жолуна түшүп келе жатат.Маркум Б. Эркинбаевдин демилгесинин астында жаралуусуна терең ыраазычылыктарын билдирип жатышты. Ал эми, лейлек күрөшү тууралуу алган интервьюбузда Н. Жусупов агайыбыз алгачкы тарыхы жана тажрыйбалык этаптарын айтып, байыркы замандан баштап эле кыргызстандын түштүк тарабында лейлек аймактарында келе жаткан кыргыздын классикалык күрөш түрү. Лейлек күрөшү бул илгертеден эле өзбек элинин шырма чапаны менен сыртынан кур байлап эки колду курдан чыгарбай классикалык түр деп айтсак болот, деп айтып өттү. Лейлек күрөшүнө Азизбаев Сейитбек агайдын кошкон салымы көп, майрам, тойлордо, ар кайсы парктарда кызыктыруучу байгелерди коюп, өнүгүү жолуна кошкон салымын белгилеп өттү. Кыргыз күрөшүнүн тарбиялык мааниге ээ экендигин Э.Тукеев агайыбыз коомдогу жалпы кыргызстан ичинде тарбиялык маанидеги орду өтө чоң, бул жөнүндө көп китептерде жана илимий эмгектерде жазылып келе жатат. СССР дин окумуштуулары жана Орус окумуштуусу Филип Ефимович Байман Кыргыз күрөштөрү темасында кандидаттык дицертациясын жактаган, эксперимент жүргүзүп далилдеп көрсөткөн. Кыргыз күрөш менен машыкан балдар баардык күрөштүн түрлөрүнөн да күрөшкөндө көп ийгиликтерди жаратат, ошондой эле жаш балдарды тарбиялоодо мааниси өтө чоң, Ата мекенди коргоодо, физикалык жактан күчтүү, ден соолугун чыңдыгын жана спорттун беш сапаты бар экендигин белгилеп кеткен. Алыш күрөшүнүн негиздөөчүсү Баяман Эркинбаев түзгөн. Өзбек эли бул биздин күрөш болчу деп дагы айтып жүрүшкөн жерлери бар. Азыркы учурда Баяман агайдын жубайы Чолпон Алиевна жетектеп дүйнөлүк деңгээлге чейин чыгарып жүрөт. Кулатуу күрөшү пайда болушу 1989-жылдары Темир Муканович ар кайсы спорттордун ыкмаларынан чогултушуп чыгарган, максаты мушташуу эмес ,түртүшүү ирээтинде (ката) көрсөтүү кытай элинин ушу спортунун түрлөрүнө окшоштуруп чыгарган десек деле болот. Акыркы учурларда федерациянын президентеринин алмашуусу менен жаңы ыкмаларды кошуп мушташ, эр таймаш деп айтып өттү. Жалпылап айткандан сурамжылоо интервью методдорунда алган жыйынтыктарыбыз, изилдөөбүзгө жардамын берген агайларга ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Жүргүзгөн анкета методубузга жалпы 309 адам катышып, алардын арасында балбандар, мугалимдер, ар кайсы кесиптин ээлери катышышты. 147 си эркек, 162 си аял кишилер, 22-27 жашка чейинкиси 108 киши 28-33 жаштан 34киши, 40-45 жаштан 75 киши 46 жаштан жогорку 47 киши

катышып беришти. Анкетабызда кыргыз күрөшүнүн түрлөрү жана өнүгүү этабы деген темабызга жалпы, төрт чоң бөлүккө бөлүнүп, 1- Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этап, 2 - Усулдук өнүгүү этабы, 3-Солгундашуу этабы, 4- Кайра жаралуу этаптары аркалуу илимий ишибизди жүргүздүк. Алардын ичинен 20 бөлүккө бөлүнүп, жалпысынан 80 бөлүккө бөлүнүп, жоопторун ала алдык. Кыргыз күрөшүнүн алгачкы доордо жаралышынан баштап азыркы убакка чейинки өнүгүү этаптарын ыкмалары, айырмаларын, кызыгууларын статистикасы (SPS) диаграмма аркалуу проценттерин биле алдык. Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабында. Байыркы “Манас” эпосунан алынган күрөштөн баштап дегенге 196 адам 62%ды түздү. Алыш күрөшүнүн тарыхый өнүгүү жолу, түптөлүшү жана тажрыйбалык этабына көпчүлүк бөлүгү эгемендүүлүктү алгандан баштап, кыргыз күрөшүнүн бир түрү катары окумуштуулардын негизинде ойлонуп чыгарылган Б. Эркинбаевти 170 адам 54% ын белгилешти. Алыш күрөшүнүн негиздөөчүсү ким болгон деген сурамжылообузда Эркинбаев Баяман деп 212 адам 67% ды түздү. Лейлек күрөшүнүн тарыхый жолу качан башталган деген сурамжылообузда Лейлек районунда башталган деп 119 адам 38% түзүп белгилешти. Кулатуу күрөшүнүн өнүгүү жолу кайсыл мезгилде башталган деген сурамжылообузда, эгемендүүлүктү алгандан баштап деп 129 адам 41% ы белгилешти. 2. Усулдук өнүгүү жолуна кайрылсак. Кыргыз күрөшүнүн усулдук өнүгүү этабын кандай ойлосуз деген сурамжылообузда, Усулдук даярдыктарын жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системалдуу деп 163 адам 52% белгилешти. Кыргыз күрөшүнүн окуу-машыгуу жайларда ачылган деген сурамжылообузда КМДТжСА окуу жайында кыргыз күрөшү менен кулатуу күрөшүнүн окуу-машыгуу жайлары ачылганына 145 киши 47% ын белгилешти, калган бөлүктөрүн бөлөк окуу жайларын белгилешиптир. Кыргыз күрөшүнүн түрлөрү коомдогу орду жана тарбиялык мааниси жөнүндө сиздин ой пикириңиз деген сурамжылообузда кыргыз элинде тарбиялык мааниси чоң деп 224 адам 71% ды белгилешиптир. 3. Солгундашуу этабыбызда. Кыргыз күрөшү кайсыл мезгилде солгундашуу этабына түштү деген сурамжылообузда 1952-жылдын 1991-жылга чейинки учур деп 138 адам 44% белгилешиптир. Кыргыз күрөштүн кайсы түрү дүйнөлүк күрөш федерациясына кошулат деп ойлосуз деген сурамжылообузда Улуттук кыргыз күрөшүнө көбүрөөк бөлүмү басым жасашыптыр 134 адам 42% ды. Бул демек кыргыз күрөшүнө болгон кызыгуусу, өзүнүн кооз ыкмалары менен көпчүлүктүн көңүлүн алып, болочок

муунга кыргыз күрөшүнүн өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Жакынкы аралыкта кыргыз күрөшүнө кыз- келиндер да кошулуп күрөшөрүн айтып, салмак категорияларын, ыкмаларын иштеп жатышкандыгын К. Жаманкулов агайыбыз интервью алганыбызда айтып өттү. 4. Кайра жаралуу этабы Кыргыз күрөшүнүн кайра жаралуу этабы кайсы учурдан башталган. Кыргыз күрөшү эгемендүүлүктү алган жылдардан баштаган деп 174 адам 55,6% ды белгилешкен. Демек, эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап, улуттук спортторго көңүл бурула баштаган. Мелдештердин көпчүлүгүндө кайсы ыкмаларды көбүрөөк пайдаланарын сураштырып аныктай алдык. Алган жыйынтыгыбызда каршылашына жараша ыкмаларды жасааларын эл аралык деңгээлдеги спорттун чебери Н. Кожобеков балбаныбыз айтып өттү. Жүргүзгөн интервьюбузда кыргыз күрөштөрүнүн 24 ыкмалары боюнча түзүлгөн суроолорубузга жооп ала алдык. Балбандарыбыз дүйнөлүк эл аралык мелдештерге катышып ийгилик жаратып келишкен. Жакшы даярдыктын себеби мыкты техникалык даярдыктарын көрсөтүшүп, 8 балбан техникалык даярдыктарын көрсөтө алышты.12 балбан жамбаш ыкмаларын мыкты өздөштүргөнүн айтып бере алышты.Анткени жакшы көрсөткүчтүн артында мыкты даярдык бар экенин мелдештер убагында биле алдык. Балбандардан өзгөчөлөнүп, эл аралык деңгээлдеги спорттун чебери Азизхан Мусабеков Алыш күрөшүнүн дүйнөлүк чемпиону кайтарма ыкмасын мыкты өздөштүргөнү мелдеш убагында көпчүлүк элге маалым болду. Бул балбандын мыкты даярдыгы, техника менен күчтү айкалыштырып, кайтарма ыкмасын жасай билгендиги чоң чеберчиликти талап кылат. Жүргүзгөн илимий изилдөө ишибизде Кыргыз күрөшүнүн техникалык ыкмаларын, кулатуу күрөшүндө айырмачылыктар байкалды. Кулатуу күрөшүнүн эрежелерине ылайык ыкмаларды колдонуу өзгөчөлүктөрүнүн айырмачылыктары билинди, тактап айтканда кулатуу күрөшүндө балбандар курдан кармоо менен бирге ыкмаларды курдун үстүнөн, жакадан жеңден кармоо менен ыкмаларды өздөрүнө ылайыкташтырып алгандыгы белгилүү болду. Балбандардын деңгээлдерине ылайык техникалык ыкмаларды аткаруунун структурасы өзгөчөлүктөрү билинди. Кыргыз күрөшүн үйрөтүү аркылуу окуучулардын спортко болгон кызыгуусун өстүрүү үчүн техникалык жана тактикалык көнүгүүлөрдү майнаптуу пайдалануу оң натыйжалуу. Ал көнүгүүлөрдү үйрөнүү аркылуу, окутуу-машыктыруу ишин активдештирет. Кыргыз күрөшү боюнча зарыл болгон жөндөмдүктөрүн өнүктүрөт жана аң-

сезимдүү спорттук жүрүм-турумга, мелдештерге ар тараптан даяр болууга өбөлгө түзөт. Техникалык ыкмаларды үйрөтүү аркылуу балдардын кыргыз күрөшүнө жана кулатуу күрөшүнө болгон кызыгуусун өстүрүп, ар түрдүү ыкмаларды тынымсыз машыгууларды иштөө да оң натыйжа берет. Балбандардын жаш өзгөчөлүгүнө, саламаттыгына, спорттук даярдыгына туура келип, эмоцияларына чоң таасир этип, үзгүлтүксүз машыгуусуна стимул берет, даражасын жогорулатат. Улуттук кыргыз күрөшүнүн техникалык ыкмаларын аткаруу жолдору ар түрдүү, көтөрүп чабуу, жамбаш, белинен таптак көтөрүп алып жерге уруу, бут менен чалып күрөшүү ж.б. ишке ашат. Ошондой эле айыл аймактарында кыргыз күрөшүн жайылтуу менен бирге кулатуу күрөшүнөн да мелдештерге катыштыруу чоң натыйжа берет. Кыргыз күрөшүн үйрөтүү аркылуу окуучулардын спортко болгон кызыгуусун өстүрүү үчүн техникалык жана тактикалык көнүгүүлөрдү майнаптуу пайдалануу оң натыйжа берет .Машыгуу, окуу процессинде болочок балбандарды өстүрүү үчүн техникалык тактикалык машыгуулар өткөрүлүп, илимий изилдөөлөр көп болсо өнүгүү этабына салымын кошот. Ал көнүгүүлөрдү үйрөнүү аркылуу, окутуу-машыктыруу ишин активдештирет. Кыргыз күрөшү боюнча зарыл болгон жөндөмдүктөрүн өнүктүрөт жана аң-сезимдүү спорттук жүрүм-турумга, мелдештерге ар тараптан даяр болууга өбөлгө түзөт. Техникалык ыкмаларды үйрөтүү аркылуу балдардын кыргыз күрөшүнө кызыгуусун өстүрүп, ар түрдүү ыкмаларды тынымсыз машыгууларды иштөө да оң натыйжа берет. Балбандардын жаш өзгөчөлүгүнө, саламаттыгына, спорттук даярдыгына туура келип, эмоцияларына чоң таасир этип, үзгүлтүксүз машыгуусуна стимул берет, даражасын жогорулатат.

КОРУТУНДУ

1-Изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз эл күрөшүнүн 4 этапка бөлүнүп, тарыхый жаралышы жана өзгөчөлүктөрү өнүгүүсү аныкталды. Кыргызстандын дене тарбия жана спорттун алардын улуттук идентүүлүктүн бир бөлүгү катары сактоо жана жайылтуу баалуу экендиги баса белгиленди. Бул изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз элинин күрөшүнүн түрлөрүн, заманбап практикасындагы негизги тенденциялар жана көйгөйлөр ачылды, ошондой эле аларды чечүүнүн жолдору сунушталды. Өсүп келе жаткан муундарды, жаштарды Кыргыз күрөштүн түрлөрү менен машыгууга тартуу боюнча жолдор белгиленди.

2- Жаштарга машыгууларга жана сергек жашоого тартуу,"дени сак эл, дени сак өлкө" деген макалга ылайык денени чыңдоо максатында, физикалык жактан күчтүү болушу бул өлкөбүздүн калкынын ден соолугунун чың болушуна өбөлгө түзөт. Кыргыз күрөштүн түрлөрүн таануу үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле бул жаатта дагы илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

3- Изилдөөбүздүн жыйынтыгында кыргыз күрөшүнүн түрлөрүнүн тарыхый өнүгүүсү 4-этапка бөлүп изилдедик керектүү этаптарга окумуштуулардын илимий эмгектерин окуп чыгып, алгачкы доордон баштап этаптарга бөлүндү. Тактап айтканда 1-чи этабыбызда Алгачкы түптөлүү жана тажрыйбалык этабы, Кармаштарда, согуш учурунда көбүнчө жекеме-жекеге кармашууга туура келген Албетте, ал убакта биздин ата бабаларыбыз да күрөштөрдү жогоруу баалашкандыктан согуштарда күрөштүн элементтерин, өз жерин, мекенин коргоодо көп колдонушкан. Күрөш убагында балбандардын күчүн, шамдагайлыгын, тартынбастыгын, амалдуулугун, эрктүүлүгүн байкап көрүүгө мүмкүн болуп кызыгууну жараткан. Байыркы доордон кыргыз эли эл болуп калптангандан баштап дене тарбиялык көнүгүүлөр да өнүгүү жолуна түштү. Улуттук спорттун түрлөрү менен катар, кыргыз күрөшү дагы өзүнүн ордун жоготпой келет. Буга мисал катары 1000 жылдык тарыхы бар , "Манас" эпосундагы Кошой менен Жолойдун күрөшү, Карагер балбан, Ак балбан менен Дөө балбан, Кожомкул балбандар далилдеп келет. 2-чи этабыбыз Усулдук өнүгүү этабы Улуу октябрь Социалисттик Революциясынын өлкөдө орношу жана башка элдердин күрөш түрлөрү менен байланышынын башталышы . Мезгили: 1918-жылдан 1952 жылга чеинки кыргыз күрөшүнүн өнүгүү учуру. 1934-жылы августа спорттун күрөш түрүнүн өнүгүүсү чоң жетишкендик болуп, ал биринчи кыргыз

спартакиадасынын программасына кошулду. Салмак категориялары такталып үч салмак категориясы менен Республикалык биринчиликтер өткөрүлө башталды. Жеңил салмак, орто салмак, жогорку салмак деп жобо түзүлүп жеңүүчүлөр аныктала башталды. 1948-жылы кабыл алынган ВКП(б) БКнын дене тарбия жана спорт маселелери боюнча токтомунун негизинде, Кыргызстандын спорт комиттетинин №106-атайын буйругу жарыяланган. Бул буйрукта улуттук спорттун түрлөрүн мындан ары өнүктүрүү маселеси да баса көрсөтүлгөн. Аталган буйрукту аткаруу үчүн 1951- жылы спорт комитет тарабынан улуттук спортун 8-түрү боюнча күрөш, оодарыш, ат чабыш, жорго салыш, ордо,тогуз коргоол боюнча мелдештер Республикалык деңгээлде биринчи ирээт өткөрүлгөн. 3-чү этабыбыз Солгундашуу этабы, Кыргызстанда улуттук күрөшкө болгон көз караштын өзгөрүшү жана камкорчулуктун төмөндөшү. Мезгили: 1952- жылдан баштап 1991-жылга чейинки учур. Ушул мезгилдерде кыргыз күрөшүнүн түрлөрү боюнча мелдештер дээрлик аз өткөрүлүп калды. Балбандардын көпчүлүгү эркин күрөш, грек-рим күрөш түрлөрү менен машыгууга кызыгуулары артты. Буга мисал: СССР дин чемпиону С. Чекиров, Э. Кутманалиев, А. Келдибеков, К. Бараканов, Н.Сулайманов, К.Макешев, балбандарыбыз СССР- дин Эркин күрөш боюнча чемпиондору болуп кеклишкен. 4-чү этабы Кайра жаралуу этабы боюнча К.Р. Эгемендүүлүктү алган жылдардан баштап, улуттук спорторго да көңүл бөлүнө баштаган. 1993-жылы Кыргыз улуттук спорттун түрлөрү боюнча мелдештин эрежелери, бирдиктүү классификациясы жөнүндөгү жобосу, разряддары жана наамдарды ыйгаруу тартиби иштелип чыккан. 1993-жылы Кыргыз спорту тууралуу мыйзам иштелип чыккан. 1994-жылы Кыргыз күрөшүшүн федерациясы түзүлгөн. 1995-2008-ж.ж чейип ар жыл сайын Республикалык, облустук, шаар аралык, жана эл аралык деңгеелдерде кыргыз күрөшүнүн федерациясы өткөрүп келишкен. Алыш күрөшүнүн эл аралык деңгээлге чыгышы. К.Р. Дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик комитети бекиткен. Алыш Күрөш: 2008-жылы, ошол кездеги француз аталышы менен, “Fédération Internationale des Luttes Associés (FILA) / Эл аралык ышкыбоз күрөш федерациясы азыр Бириккен дүйнөлүк күрөш (UWW) курама дүйнөлүк күрөшүнүн салттуу бел боо күрөшү (TBW) катары кошулган. Кулатуу күрөшү пайда болушу 1989-жылдары Темир Муканович ар кайсы спортордун ыкмаларынан чогултушуп чыгарган, максаты мушташуу эмес түртүшүү

ирээтинде Лейлек күрөшү деген аты өзгөрүлүп улуттук классикалык кыргыз күрөшү деген жаңы аты менен федерация ачылды. 2014-жылы 26-ноябрь айында биринчи ирээт республикалык деңгээлде мелдеш өткөзүлдү. Мелдешке өлкө аймактарынан 216 балбан катышышып, 8 салмак категориялары менен мелдештер өткөзүлө башталды.

Интервью методдору жүргүзүү убагында Улуттук кыргыз күрөш жаатындагы адисттерден 6 агай жана 2 эл аралык мелдештин жеңүүчүлөрү катышышты. Берилген суроолор керектүү жоопторду ала алдык Анкета жүргүзүү методубузда жалпы 309 ар тараптын кесип өнөрлөрүнөн илимий иш жүргүздүк 147 эркек адамдар 162 аял адамдар катышышты. Жүргүзүлгөн ишибиздин аркасынан кореспонденттерден төмөнкү этаптарды биле алдык.

4-Айырмачылыктары эрежелеринде, ыкмалардын аталыштарында, формаларында, курду кармагандыгында, аттарынын аталыштарында, классикалык лейлек күрөш үстү жагынан эле ыкма жасалат, улуттук кыргыз күрөш эркин стилинде деп аташат бир колду чыгарып экинчи колду курдан кармап күрөшө берет буттун жардамы менен ыкма жасала берет (чалып, түртүп, илип, ороп) ж.б. Кулатуу күрөшү кулатмай кандай жолу менен болсо да урмай, түртмөй, тээп жыгуулар айырмачылыктары көп эле. Бирок, жетишилбеген материалдарга карабастан натыйжасында, изилдөө бир катар чектөөлөр бар адабий материалдардын жетишпегендигинен. Келечектеги эмгектерде эске алынышы керек. Тактап айтканда, ар кандай региондордогу жана курактык топтордогу балбандар менен кеңири изилдөө жүргүзүү керек. Жалпысынан диссертация Кыргыз элдик күрөшүн изилдөөгө олуттуу салым кошот жана бул жаатта мындан аркы изилдөө үчүн негизги болуп кызмат кыла алат. Жүргүзгөн илимий изилдөө ишибизде улуттук кыргыз, классикалык алыш, лейлек күрөштөрү, алыш күрөшүнү, кулатуу күрөштөрүнүн өнүгүү этаптарына бөлүнүп кайсыл убактан бери өнүгүү жолуна түшүп келгенин ачыктадык. Божомол болуп айтылып келген өнүгүү этаптарын мезгил мезгили менен бөлүштүрүп, айырмачылыктарын ыкмаларына жараша айырмалай алдык. Кыргыз күрөш түрлөрүнүн техникалык ыкмаларын түрлөрүнө (классификациялоодо) күрөштөрүн эрежесине ылайык айырмачылыктар байкалды. Мелдештерде, машыгуу процессинин ар кандай этаптарында жана ар кандай мезгилдеринде балбандардын даярдыгына жараша техникалык ыкмаларды ар түрдүү колдонуулаары аныкталды. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз күрөшүнө

байланыштуу эмгектердин, илимий адабияттардын жоктугу бүгүнкү күндөгү эң чоң көйгөй экендигин байкадык. Улуттук спорттук оюндар боюнча илимий-изилдөө жүргүзүү мезгилдин талабы катары мындан ары дагы улана бермекчи.

ТАЖРЫЙБАЛЫК СУНУШТАР

Улуттук кыргыз күрөшү жана кулатуу күрөшү боюнча орто билим берүү мекемелеринин, ЖОЖнын жылдык иш пландарына системалуу түрдө киргизүү, ыкмаларды системалаштыруу, жаштар арасында кеңири жайылтуу, өзгөчө айыл жерлеринде кыргыз күрөш түрлөрү жана кулатуу күрөшү боюнча окуу машыгуу секцияларды көбүрөөк ачуу. Кыргыз күрөшүнүн түлөрү жана кулатуу күрөшү боюнча теориялык маалыматтарды жайылтуу максатында семинар, илимий конференцияларды уюштуруу. Илимий иштерге көңүл буруу, адисстерди даярдоо. Кыргыз күрөштөрүнүн жана башка күрөш түрлөрүнүн окуу материалдарын жаңылоо, гезит, журналдарды, китепчелерди көп тиражда жеткиликтүү заманбап түрдө басып чыгаруу. Жаш машыктыруучуларга, калыстардын мүчөлөрүнө билим деңгээлин жогорулатуу максатында жылына бир жолу окуу тажрыйбасын уюштуруу. Студенттерге дене тарбия туралуу маалыматты камсыздоо, дене тарбиянын маанилүүлүгүн жана ден соолуктун абалы адамдын физикалык даярдыгы жана активдүү кыймылдуулук деңгээли менен тыгыз байланышта болгондугун түшүндүрүү зарыл. Студенттерге өз алдынча окуп билип келүү үчүн атайын теориялык тапшырмаларды берүү. Өзүбүз билгендей эле, Кыргызстанда өткөрүлп келинген “Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары” бул спорттук иш чара Кыргызстандын тарыхында эң ири спорттук иш чара десек жаңылышпайбыз жыл өткөн сайын дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына болгон кызыгуу артууда жана спорттун күрөш түрү негизги орунду ээлеп жатышат. Анын ичинде кыргыз күрөшүнүн баарык түрлөрү жана башка улуттардын да улуттук күрөш түрлөрү өткөрүлүп келүүдө ошол себептен биз спортчуларыбызды ар тараптуу техникалык, жана физикалык даярдыктардан өткөзүп келечеке болгон жолду азыртадан баштоо зарылчылыгы туулат. Тактап айтканда улуттук кыргыз күрөш түрлөрү менен бирге башка күрөш түрлөрүнүн техникалык ыкмаларынын ар тараптуулугун өнүктүрүү, айыл аймактарына да кулатуу, самбо, ж. б күрөш түрлөрүнөн ийримдерди ачуу, ошондой эле спорттук мелдештерди баймабай өткөзүп туруу спортчулардын спорттук даражасын жогорулатып ар тараптуу тажрыйба топтоп кыргыз спортуна ири жетишкендиктерди алып келээри шексиз.

АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

Анаркулов Х. Ф. Национальное борьба куреш: теоритеческие и методические аспекты. Бишкек, 2008. С. 612-661. [HTML] cyberleninka.ru

Абдрахманов Б. А. Анаркулов Х. Ф. Вопросы физического воспитания в творчестве Ч. Айтматова материалы Международной научной конференции молодых ученых КГИФК– Бишкек, 2001. – С. 258–263. [PDF] uspu.ru

Арстанбеков С. А Алыш күрөшүнүн тарыхы жана ыкмалары, вестник физической культуры и спорта 2017 (1), 1694-6707. Вестник физической культуры и спорта, 2017•elibrary.ru

Анаркулов Р. П. Социально-значимые цености кыргызских национальных видов спорта иподвижных игр //Актуальные проблемы физической культуры, спорта и туризма. (2020. С. 16-18). Актуальные проблемы физической культуры, спорта и туризма, 2020•elibrary.ru

Анаркулов Б.Х. Научно-педагогические основы скоростно-силовой подготовки занимающихся кыргызской национальной спортивной борьбой куреш автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.01 (– Алматы, 2006. – 26 с.). [PDF] ksapcs.kg

Арстанбеков С. А., Абдрахманов Б. А. Пути развития лейлекской национальной классической борьбы //Вестник физической культуры и спорта. 2017. – №. 1. – С. 115-121). Вестник физической культуры и спорта, 2017•elibrary.ru

Арстанбеков С.А. General Pedagogy of Traditional Wrestling. The example of Turkish people, Pakistan Journal of Medical & Health Sciences/ apr/2021, 1996-7195. S ARSTANBEKOV, A Bayazit Pakistan Journal of Medical and Health Sciences, 2021•pjmhsonline.com

Арстанбеков С.А. Kazakh Traditional Wrestling With its Formation and Transformation Aspects, Kyres (kures), European Journal of Physical Education and Sport Science, 2020, 2501-1235. M Türkmen, S Arstanbekov European Journal of Physical Education and Sport Science, 2020•oapub.org

Арстанбеков С.А. А.Кайа, An Evaluation of Turkish Wrestling History during the Ottoman Empire, The International Journal of The History of Sports. 2022, 2057-7474. [PDF] tandfonline.com

Арстанбеков С.А., Абдырахманов Б.А., Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн техникалык классификациясы жана өзгөчөлүктөрү, диссертациясы (Арстанбекович С.А. 2017. С. 20-22)

Арстанбеков С.А., Жанузаков К.Ч, Улуттук кыргыз күрөш түрлөрүнүн педагогикалык мааниси, 10th Traditional Sports Games Symposium, Bishkek 2021, 978-9967-9373-2-1.

Арстанбеков С.А., М.А.Зийагил, Concepts of Wrestling and Wrestler in Turkish Folks, Sports and Athletics Preparation, Performance, and Psychology. Applications of Traditional

Wrestling in the World. 2021 by Nova Science Publishers, Inc. New York, 978-1-53619-371-8. [PDF] researchgate.net

Арстанбеков С.А., М.Туркмен, Türk halklarinda güreş (çi) kavram ve algilari, Gece Publishing Türkiye 2020, 978-625-7268-31-8.

Арстанбеков С.А., Мелдештерде оор салмактагы балбандардын техникалык аракеттерин талдоо, Scientific-practical journal №1 (26) 2020, 1694-6707. ksapcs.kg https://ksapcs.kg › 2019/06 › Журнал-2019-г-№1

Арстанбеков С.А., Түрк элдеринин улуттук күрөш түрлөрүнүн түркүмдүүлүгү, X Симпозиум традиционных спортивных игр тюркских народов Bishkek 2021, 978-9967-9373-2-1. (Арстанбеков 2021, С. 6-7). Türkiye Manas Üniversitesi https://manas.edu.kg › news

Арстанбеков С.А., Улуттук классикалык лейлек күрөшүнүн өнүгүү жолдору, дене тарбия жана спорт жарчысы 2017 (1), 1694-6707. (Арстанбеков, С. А., 2017. 1 - С. 105-110). ksapcs.kg https://ksapcs.kg › wp-content › uploads › 2022/07

Арстанбеков С.А., Улуттук кыргыз күрөшүнүн техникалык ыкмаларынын классификациясы жана аларды казак, түркмөн күрөшүндө колдонуу өзгөчөлүктөрү, Международный симпозиум традиционных спортивных игр тюркских народов, 8-10 декабрь 2017 г. Г. Кахраманмараш, 978-605-4996-79-7. VIII международный симпозиум Традиционных спортивных игр Тюркских народов 16-18-октябрь 2019, 978-605-4996-79-7. https://www.researchgate.net › publication › data

Арстанбеков С.А., Улуттук лейлек күрөшүнүн кыскача тарыхы, материалы международной научно-практической конференции г. Чолпон-Ата 4-6 сентябрь 2017 г. 1694-6707. (Арстанбеков С. А., – 2017. – № 1. – С. 115-121). https://www.krsu.edu.kg › news

Анаркулов Х. Ф. Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения и современность автореф. дис. …докт. пед. наук: 13.00.04; 13.00.– М., 1993. – 48 с. http://irbis.gnpbu.ru › Anarkulov_Kh_F_1993

Анаркулов Х. Ф. Современное состояние и перспективы развития национальной физической культуры материалы научно-практической конференции. – Бишкек: КГИФК. – 2005. – С. 7-15. http://195.38.183.38 › media › Papers › nntiik › n...

Анаркулов Х. Ф. Пути повышения эффективности физического воспитания учащихся V–VII классов с учетом региональных факторов и использования народных подвижных игр автореф. дис. …канд. пед. наук: 13.00.01– Фрунзе, 1980. – 22 с. arabaev.kg http://arabaev.kg › dp.kg › uploads › Диссертац...

Анаркулов Х. Ф. Функциональные основы физической подготовки как базовая сторона спортивного мастерства юных курешистов автореф. дис. …канд. мед. наук: 03.00.13.– Бишкек, 2005. – 23 с. Science-journal.kg http://195.38.183.38 › media › Papers › nntiik › n...

Абдырахманов Б.А. Иманалиев.Т.Т . Улуттук кыргыз күрөшүнүнө машыктыруунун негиздери: окуу куралы -Бишкек: 2022. -С. 6-7. - Бишкек, 2022 -С. 6-7)

Анаркулов Х. Ф., Матазимов Н. К., «Профессиональное деятельность спортивных судей по киргизской национальной спортивной борьбе куреш» " Бюллетень науки и практики 8.2 (2022): 268-273. 2022. С. 268-273). Science-journal.kg http://195.38.183.38 › media › Papers › nntiik › n.

Балдаев К.В. Содержание и методика преподавания базовой техники вольной борьбы в институтах физической культуры канд, дисс. (– М., 1989. –С. 234). disserCat https://www.dissercat.com › content › metodika-obuchen

Верхошанский Ю.В.Основы специальной физической подготовки спортсменов (– М.: ФиС, 1988. – С. 31). СибГУФК http://www.lib.sibsport.ru › www › libsport.nsf

Галковский Н. И Катулин А.З., Чионов Н.Г.– М.: ФиС, 1952. – С.447. (. 1952. С.447)

Зациорский В. М Физические качества спортсменаосновы теории и методики воспитания Зациорский В.М. – М.: ФиС, 1966. – 200 с. Sochi.edu.ru http://sport10.sochi-schools.ru › 2021/09 › YU....

Калилов У. Ж. Единство видов спортивной борьбы и их взаимосвязь с кыргызской национальной борьбой куреш автореф. дис. …канд. пед. наук: 13.00.01 — Алматы, 2007. – 26с. (2007. С. 26). Disser.uz https://disser.uz › edinstvo-vidov-sportivnoj-borby-i-ih-v...

Кадыркулов А Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары, Эл аралык симпозиум Бишкек шаары 2015. С. 15.Türkiye Manas Üniversitesi https://manas.edu.kg › news

Миндиашвили Д. Г. Контратакующие действия в вольной борьбе Миндиашвили Д.Г и др. – Красноярск, 1985. – 69 с. jasulib.org.kg https://jasulib.org.kg › uploads › 2023/02 › 13.Да...

Матущак Пётр Филипович Сто уроков вольной борьбыМатущак П.Ф. – Алма-Ата, 1990. – 304 с. https://books.google.com › Sports & Recreation › General

Пилояна РА. Начальный этап в многолетней подготовке борцов– МОГИФК, 1991. – 83 с. disserCat https://www.dissercat.com › content › soderzhanie-i-stru...

Пойманов В.П. Рационализация сопряженной тренировки технико-физической направленности борцов высокой квалификации автореф. канд. дисс. – Л., 1982. – 20 с. disserCat https://www.dissercat.com › content › teoretiko-metodich...

Радаев С.В. Физическое воспитание студентов нефизкультурного вуза на основе спортивно-ориентированных технологий //Красноярск. (– 2008. С. –24). КиберЛенинка https://cyberleninka.ru › article › fizicheskoe-vospitanie...

Рождественский А. П. Кыргыз улуттук спорт жана оюндар А.П.Рождественский. – Ф., 1928. krena.kg http://cslnaskr.krena.kg › collections › uploads

Сорокин Н.Н. Спортивная борьба– М.: ФиС, 1960. – 484 с. Аукционный дом «Литфонд» https://www.litfund.ru › auction

Филип. Е. Б. Киргизская национальная спортивная борьба куреш как одно из средств физического воспитания молодежи автореф. дис. …канд. пед. наук: 13.00.04– Фрунзе, 1972. – 22 с. akipress https://kghistory.akipress.org › unews › un_post:2216